# Плиткалардын бардык түрлөру үчүн жука тигиштерди шыбоочу аралашма PLITONIT 3




**20 кг**

- ✓ **Сырткы жана ички иштер үчүн**
- ✓ **Шыбак тигишинин калыңдыгы 1,5-6 мм чейин**
- ✓ **Нымдуу бөлмөлөр үчүн**
- ✓ **«Жылуу пол» тутумунда колдонууга төп келет**

PLITONIT Deutsche Qualität

**ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ**

Башка тилдеги нускаманы жүктөп алуу/
Download the manual in another language
kz | az | uz | tj | kg | tm | am | ge | mn

## Колдонуу чөйрөсү

| Каптоонун түрлөрү | Пол | Дубал |
|---|---|---|
| Керамогранит | + | + |
| Керамикалык плитка | + | + |
| Клинкер плиткасы | + | + |
| Табигый жана жасалма таш | + | + |
| Мозаика жана тунук плитка | + | + |
| **Негиздин түрлөрү** | **Пол** | **Дубал** |
| Формасын өзгөртпөгөн негиздер: бетон жана темирбетон (колдонулганына 6 айдан ашкан), уячалуу блоктор, кыш, цементтик шыбак жана башка формасын өзгөртпөгөн негиздер негиздер | + | + |
| Формасын өзгөрткөн негиздер: ГКЛ, ГВЛ, СМЛ | + | + |
| Тактайлар: ЦСП, OSB | + | + |
| Өзгөчө татаал негиздер: «плитканын үстүнө плитка» төшөө, эски щелочко туруктуу сырлар менен капталган беттер | + | + |
| **Жумуштун багыты** | **Пол** | **Дубал** |
| Орточо нымдуулуктагы бөлмөлөр | + | + |
| Нымдуулугу жогору бөлмөлөр | - | + |
| Тышкы иштер (имараттын сырткы бети, цоколь ж.б.) | + | + |
| Жылуу пол тутуму (суу жана электр) менен шайкештиги* | + | + |

* «жылуу пол» тутуму менен бирге плитка төшөө технологиясы тууралуу кенениреэк маалыматты plitonit.ru сайтынан алсаңыз болот

## Техникалык мүнөздөмөлөрү

| | |
|---|---|
| Өңү | Таңгагынан караңыз |
| Байланыштыргыч | Цемент |
| Толтургуч бөлүкчөлөрүнүн эң чоң өлчөмү | 0,2 мм |
| Шыбак тигишинин сунушталган калыңдыгы | 1,5-6 мм |
| Суунун өлчөмү | |
| ● 1 кг аралашмага | 0,3-0,34 л |
| ● 20 кг аралашмага | 6-6,8 л |
| Иштөө температурасы | +5°Стан +30°Ска |
| Пайдалануу температурасы | +70°Ска чейин |
| Аралашманын ишке жарамдуулук мөөнөтү | 2 саат |
| Үстүнөн басууга мүмкүнчүлүк, убактысы | 24 саат |
| Суу менен байланышууга уруксат берилген убакыт | 48 саат |
| Кысууга болгон бекемдик белгиси (28 суткадан кийин), кем эмес | 10 МПа |
| Жылытылуучу полдорду ишке киргизүү убактысы, кем эмес | 7 сутка |
| 28 суткадан кийин ийилүүгө болгон созулуу бекемдиги, МПа, кем эмес | 3,5 МПа |
| Плитканын абалын оңдоп-түзөө убактысы, кем эмес | F50 |
| Отуруу деформациясы, ашык эмес | 2 мм/м |

## Негизди даярдоо

| | |
|---|---|
| 1 | Шыбак тигиштери салына турган негизди кирден жана чаңдан тазалоо, катмарланып сыйрылган бөлүктөрүн алып салуу керек. |
| 2 | Шыбак тигишинин тереңдиги плитканын калыңдыгынын жарымынан кем эмес болушу керек. |
| 3 | Тигиштерди желим аралашмасын өндүрүүчү тарабынан белгиленген мөөнөттөрдө шыбалышы керек. |

## Аралашманы даярдоо

**Кургак аралашманы даярдоо үчүн ичүүчү суу түтүгүнөн алынган сууну колдонуу керек.**
**Аралаштыруудагы катыш: 1 кг кургак желим аралашмага 0,3-0,34 л суу талап кылынат (20 кг үчүн 6-6,8 л).**

| | |
|---|---|
| 1 | Кургак аралашманы аралаштыруу үчүн бөлмө температурасындагы суунун керектүү көлөмүн өлчөңүз |
| 2 | Кургак аралашманы алдын ала өлчөнгөн суунун өлчөмүнө кошуңуз |
| 3 | Бир тектүү коюу болгонго чейин кургак аралашманы жана сууну электр миксери же атайын чоргосу бар электр бургунун жардамы менен 2-3 мүнөт бою аралаштырыңыз** |
| 4 | Аралашманы 5 мүнөт тындыктырып, андан кийин кайра аралаштырыңыз |
| 5 | Кайра аралаштырылганда жогоруда көрсөтүлгөн катыштын эң көп көрсөткүчүнө чейин суу кошууга уруксат берилет. Даяр аралашманы колдонуу убактысы – 2 сааттан ашык эмес (өтмө шамал жана жогорку температура бул убакытты кыскартат) |

** айлануу жыштыгы 600 мүн/айл ашык эмес

## Иштерди аткаруу тартиби

| | |
|---|---|
| 1 | Тигиштерди толтуруунун алдында плиткалардын бетин нымдуу губка менен тазалоо керек. |
| 2 | Даяр шыбак аралашмасын плитканын бетине резина шпатель же сүргүч (тёрка) менен сүйкөп, тигиштерге карата кыйгач кыймылдар менен жайып, плитка аралык тигиштер толук толгонго чейин ныктоо керек. |
| 3 | Плитка тигиштерин тазалоо: 10–30 мүнөттөн кийин (плитканын суу сиңирүү өзгөчөлүгүнө, айлана-чөйрөнүн температурасына жана нымдуулугуна жараша) капталган бетти тигиш торчосуна карата кыйгач (диагональ) багытта жеңил нымдалган губка же поролон капталган сүргүч (тёрка) менен сүртүү керек. Тигиштердин бети ашыкча сууланса жана алар катуу сүртүлсө, шыбак аралашмасы жуулуп кетиши жана шыбактын түсү өзгөрүп кетиши мүмкүн. |
| 4 | Сүртүүгө колдонулуучу суу таза болушу үчүн аны бат-баттан алмаштырып туруу зарыл. Плитканын бетиндеги кургап калган катмарды акыркы жолу кургак, жумшак чүпүрөк менен тазалоо керек. |

## Жумуш аткаруунун шарттары

Иш жүргүзүлүп жатканда жана андан кийинки 3 сутка аралыгында аба, негиз жана плитканын температурасы +5ºСтан +30ºСка чейинки чекте сакталууга тийиш. Иш жүргүзүлүп жатканда аралашманын температурасы +10ºСтан +30ºСка чейин болушу керек. Колдонуу температурасы +70˚Ска чейин. Шыбак сырткы жумуштар үчүн да ылайыкталган. Мындай иштерди аткарууда тигиштердин бетин жумуш учурунда жана андан кийинки 24 саат бою атмосфералык жаан-чачындан коргоо зарыл.

## Көңүл буруңуз

Жумуштарды аткарууда жалпы курулуш иштерин жүргүзүү боюнча нускамаларга жана курулуштагы техникалык коопсуздук эрежелерине ылайык иш кылуу керек. Шыбак аралашмасын сатып алууда партиянын номуруна көңүл буруңуз, анткени түстүн өңү ар бир партия ар кандай болушу мүмкүн.

Түскө жана анын бир калыпта, текши болушуна төмөнкү себептер таасир этиши мүмкүн: плитканы алгач кургак ыкма менен тазалоо; төмөн нымдуулук жана жогорку температура; түз тийген күн нурлары жана өтмө шамал; тигиштердин тереңдигинин ар кандай болушу; аралаштыруучу суунун ашыкча болушу жана анын сапаты; негизде нымдуулуктун ашыкча болушу; плиткалардын каптал кырларынын сууну ар кандай сиңирүү жөндөмдүүлүгү; аралашманын бирдей эмес аралашышы

Глазурланбаган жана одуракай плиткалардын ортосундагы тигиштерди шыбоонун алдында шыбак аралашмасынын калдыктары плиткадан канчалык жакшы жууларын текшерүү үчүн тигиштерди сыноо иретинде толтуруп көрүү керек.
Жумушту аткарып жатканда аралашманы мезгил-мезгили менен аралаштырып туруу сунушталат. Даяр аралашмага кошумча суу кошууга тыюу салынат. Дат баскан шаймандарды колдонууга жол берилбейт.
Бассейндердин тигиштерин шыбоо үчүн PLITONIT Colorit Easy Fill эпоксиддүү аралашмасын колдонуңуз. Шыбак башка PLITONIT өнүмдөрүнүн тутумунда колдонулат. Мисалы, турак үйлөрдө каптоо жумуштарын жүргүзүүдө PLITONIT 3 шыбагын PLITONIT кыртышы, PLITONIT плитка желимдери жана цемент катмарын тазалоочу PLITONIT каражаты менен биргеликте ыраттуу түрдө колдонуңуз.

### Сактык чаралары

**Бул аралашма ГОСТ 12.1.007 боюнча кооптуулуктун 4-классына (көп кооптуу эмес заттарга) кирет.**

**Жумуш учурунда кол каптарды, коргоочу көз айнектерди жана дем алуу органдарын коргоочу каражаттарды колдонуу керек.**

**Аралашма териге жана көзгө тийбеши керек. Көзгө тийип кетсе, дароо көп өлчөмдөгү суу менен жууп салуу керек.**

**БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК!**

### Курамы

Минералдык толтургуч, цемент, полимердик кошулмалар.

### Ташуу жана сактоо

Аралашманы жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык жабык транспорт каражаттарында ташуу керек. Кургак аралашма салынган баштыктарды жабык, кургак жайларда, таңгактын бүтүндүгү сакталган жана нымдан корголгон шарттарда сактоо керек.
Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү: ташуу жана сактоо шарттары сакталган учурда өндүрүлгөн күндөн тартып 12 ай.

### Өндүрүүчүнүн кепилдиктери

Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда аралашманы техникалык шарттардын талаптарына шайкештигине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Таза салмагынан ГОСТ Р 8.579-2019ге ылайык четтөөгө жол берилет. Өндүрүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилген (Аэфф<370 Бк/кг, НРБ-99/2009 СанПиН 2.6.1.2523–09 боюнча). ТУ 5745-100-51552155-2015 боюнча өндүрүлгөн.

### Материалдын сарпталышы.

0,3-0,6 кг/м² плитканын калыңдыгына, өлчөмүнө жана тигиштин туурасына жараша.

---

**КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮ КОЛДОО КЫЗМАТЫ**

8 (800) 555 - 71 - 67

www.plitonit.ru

e-mail: info@mc-bauchemie.ru